**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертацялык кеңеш Д. 09.16.534**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:** ***111.1:16(575.2)(043.3)***

**КОЧКОРОВА ДИНАРА АШЫРБАЕВНА**

# ӨТҮҮЧҮЛҮК ПРИНЦИБИНИН СОЦИАЛДЫК-ТАРЫХЫЙ ТААНЫП-БИЛҮҮДӨГҮ МЕТОДОЛОГИЯЛЫК РОЛУ

**09.00.01 – онтология жана таанып-билүү теориясы**

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин кандидаты, доцент
**Арзыматов Джумадил Сабеталиевич**

**Расмий оппоненттери:** философия илимдеринин доктору
**Сариева Калбүбү Сариевна**

философия илимдеринин кандидаты
**Исаева Айнура Мукамбетовна**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин философия жана маданият таануу кафедрасы.
Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
Чыңгыз Айтматов проспектиси, 27.

Диссертация 2018-жылдын «28» февралында саат 12:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу, искусство таануу (17.00.02 – музыкалык искусство) боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265-а. /сайт: www.fil.kg/

Диссертация менен КР УИАнын Борбордук илимий китепканасынан таанышуга болот (дареги: 720071 Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 2018-жылдын «26» январында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер** **Акматова Н.С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы кездеги коомдук өнүгүүнүн көп кырдуулугу, стабилдүүлүктүн азайышы, ааламдашуунун тобокелдери, мурунку жетишилген баалуулуктарды четке кагуу тенденциясы – илимге, анын ичинде социалдык таанып-билүүгө жогорку талаптарды коюп жатат. Бул кырдаал тарыхтын маңызы жөнүндөгү маселени алдыга алып чыгып, азыркы философиядагы гносеологиялык проблемаларда социомаданий өңүттөрдүн маанисин жогорулатты. Ага жараша илимий билимдин системасынын өзгөрүү логикасын ачуунун, илимдин өнүгүү теориясын түзүүнүн маанилүүлүгү артууда. Өз кезегинде бул жагдайлар илимдин, анын ичинде өзгөчө социалдык-тарыхый таанып-билүүдө билимдердин өнүгүү проблемаларын, алардын трансформациясын, бир билимден экинчи билимге, теорияга өтүү механизмдерин изилдөөнү актуалдаштырууда. Анткени азыркы күндө илимдин өнүгүү темптери тездеп, татаалданып жана кеңейип барат. Илимдеги жаңы билим менен эски, мурунку билимдин ортосундагы байланышты аныктоо илимдин андан ары өнүгүшү үчүн методологиялык негиз берет жана ал кайрадан коомдун социалдык-экономикалык, саясий жана рухий жашоосуна таасир этет.

Учурда кыргыз коому дүйнөлүк тарыхта өзүнүн ордун сактап калууга умтулуп жатат. Бул маселени чечүүдө социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн ролу чоң, себеби анын жыйынтыктары этносоциалдык эс-тутумга таасир этет, коомдук өнүгүүнүн келечегин аныктайт. Ошондуктан, социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү жаңы билимдин пайда болушунда мурунку билимдердин жана кайрадан ал билимдердин адамдардын социалдык эс-тутумуна, коомдук жашоого тийгизген таасиринин ордун аныктоо зарылдыгы турат. Бул маселени биз өтүүчүлүк принцибинин механизмдери аркылуу көрсөтүүнү максат кылып койдук.

Өтүүчүлүктү бүткүл бытиенин, ар кандай социалдык системанын жашап турушунун жана өнүгүшүнүн зарыл шарты катары аныктоо, аны андан ары илимге карай тереңдетип колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Өтүүчүлүк тануу принцибинин бир учуру болуу менен, илимдин өнүгүшүнүн негизги маңызын түзгөн жаңы билимдердин жаралышында эски менен жаңы билимдердин мыйзам ченемдүү байланышын мүнөздөйт.

Жогорудагы жагдайлардын негизинде социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү билимдердин өнүгүшүндө өтүүчүлүк принцибинин ролун аныктоонун актуалдуулугу биринчиден, бул маселенин али терең изилденбегендигинен, экинчиден, аны коом менен илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүнүн жаңы шарттарында карап чыгуу зарылдыгынан келип чыгат. Сунуш кылынган иште аталган принциптин ролун логикалык-гносеологиялык жана методологиялык өңүттөрдө, социомаданий факторлордун илимге болгон таасирин эске алуу менен тарых илиминин мисалында ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Диссертациянын темасынын илимий мекеменин илимий программалары жана жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Ош мамлекеттик университетинин тармактык илимий программасына кирет.

Изилдөөнүн **объектиси** илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүндөгү өтүүчүлүк проблемасы, ал эми **предмети** болсо социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин методологиялык ролу болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты** болуп өтүүчүлүк принцибинин социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү ролун, ишке ашуу өзгөчөлүктөрүн жана анын илимдеги жаңы билимдин жаралышында детерминант катары ордун аныктоо болуп саналат.

Көрсөтүлгөн максат конкреттүү **милдеттерди** коюуну жана аларды чечүүнү аныктады:

- өтүүчүлүк проблемасына тарыхый-философиялык анализ жүргүзүү;
- тарыхый өтүүчүлүктү социомаданий кубулуш катары кароо жана учурдагы коомдук өзгөрүүлөргө карай түшүнүү;
- өтүүчүлүк принцибинин социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү методология- лык ролун көрсөтүү; анын тарых илиминде ишке ашуу өзгөчөлүктөрүн, механизмдерин, формаларын тактоо;
- традицияларды тарыхый өтүүчүлүктүн бир учуру катары карап, анын социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн жана ролун аныктоо;
- социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү жаңы билимдин жаралуусун тарыхый парадигмалардын өнүгүшүндө, алардын алмашуусунда өтүүчүлүк принцибинин ишке ашуусу аркылуу ачып көрсөтүү.

Изилдөөнүн **негизги жыйынтыктары** жана **илимий жаңылыгы**:

- өтүүчүлүк идеясынын калыптанышына жана категория катары өнүгүшүнө тарыхый-философиялык анализ жүргүзүлүп, бир топ маңыздуу чектери ачылды;
- ааламдашуунун шарттарын, азыркы коомдогу өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана эки тенденциясын: элдердин өз жүзүн сактоого жана дүйнөлүк цивилизация менен карым-катнашта болууга умтулуусун эске алуу менен тарыхый өтүүчүлүктүн социомаданий кубулуш катары маңызы жана мазмуну өтүүчүлүктүн сызыктуу эмес концепциясында аныкталды;
- социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин методологиялык ролу тарых илиминин өнүгүшүнүн мисалында көрсөтүлдү жана анын ишке ашуу өзгөчөлүктөрү аныкталды;
- традицияларды тарыхый өтүүчүлүктүн бир учуру, формасы катары эсептеп, илим менен социомаданий традициялардын карама-каршы эмес, тескерисинче – традициялардын социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү

мүмкүнчүлүктөрү, социалдык детерминант жана көмүскө билимдердин булагы катары маанилүү жана аныктагыч орду иликтенди;

- илимдеги традицияларды парадигма категориясынын мисалында карап, тарыхый парадигманы өзүнө изилдөө идеяларын, теорияларын, методдорун, изилдөөчүнүн позициясын камтыган тарыхты түшүнүүнүн жана тарыхый тексттерди интерпретациялоонун үлгүсү катары анализдеп, тарых илиминдеги парадигманын чектеринде жана алмашуусунда жаңы билимдердин жаралышындагы өтүүчүлүк принцибинин методологиялык ролу такталды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболору диссертант тарабынан жеке иштелип чыккан.

Изилдөөнүн **теориялык** жана **практикалык** мааниси: изилдөөнүн негизги жыйынтыктары тарыхты тааанып-билүүнүн методологиясын андан ары тереңирээк изилдөөдө жана социалдык-тарыхый илимдердин келечегин ачууда колдонууга болот. Ошондой эле изилдөөнүн натыйжаларын философия предметинин жалпы курсун, таанып-билүү философиясын, илимдер философиясын, илимий таанып-билүүнүн методологиясын, социалдык философияны, тарыхтын философиясын ж.б. атайын курстарды даярдоодо жана окутууда колдонууга болот.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.**

1. Өтүүчүлүккө системалык объектилердин өнүгүшүнүн фундаменталдык мыйзам ченемдүүлүгү катары тарыхый-философиялык анализ жүргүзүү аны жалпы философиялык категория катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ал өнүгүүнүн ар кайсы баскычтарынын ортосундагы мыйзам ченемдүү байланышты, өнүгүүдө бир баскычтын белгилүү бир мазмуну кийинки баскычта сакталып, сапаттык жактан жаңы мазмунда жана деңгээлде өнүгүшүн чагылдырат. Өтүүчүлүк жаңынын жаралышына өбөлгө болот жана конкреттүү шарттарга карай өзгөчөлүктөргө ээ. Мындай түшүнүү аны таанып-билүү принциби катары таанууга жол ачат.

2. Өтүүчүлүктүн социалдык тиби катары тарыхый өтүүчүлүк социомаданий кубулуштарда адамзат тарыхынын бир бүтүндүгүнүн, анын жашап турушунун жана өнүгүшүнүн зарыл шарты, мыйзам ченемдүүлүгү болуп эсептелет. Мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп социалдык ишмердүүлүктүн маанилүү натыйжаларын социалдык мейкиндикте жана убакытта конкреттүү-тарыхый системанын субъектисинин ишмердүүлүгүндө сактап калуу, кайталоо, кайра өзгөртүп түзүү менен жаңыны жаратуу, тануу жана четке кагуу болгон социалдык мурастоо эсептелет. Анын мазмунун түзгөн социалдык тажрыйбаны мурастоо социалдык-тарыхый мүнөзгө ээ жана коомдук талапка ылайык аң-сезимдүү иргелүүсү тандалуучулук мүнөзүн көрсөтөт. Азыркы коомдогу өнүгүүнүн эки тенденциясы: элдердин өз жүзүн сактоого жана дүйнөлүк цивилизация менен карым-катнашта болууга болгон аракеттери тарыхый өтүүчүлүктүн

социалдык аракеттеги көрүнүштөрү болуп, алардын маңызы да ушул тандалуучулук аркылуу аныкталат. Бул тенденциялар өтүүчүлүк категориясын сызыктуу эмес, көп варианттуу өнүгүү концепциясынын алкагында түшүнүүгө алып келет.

Өтүүчүлүктү тануунy тануунун учуру катары социалдык турмушка карай маңызын аныктоо адамдын ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир мурунку конкреттүү-тарыхый формаларынан жана типтеринен жаңыларына өтүүсүнүн логикалык-методологиялык принциби экендигин түшүнүүгө жана илимдин өнүгүшүнө карай колдонууга мүмкүндүк берет.

3. Илимдин өзгөчөлүгүнө жараша өтүүчүлүк принциби таанып-билүүнүн тереңдеп чагылышы катары маңыздын азыраак тереңдиктен көбүрөөк тереңдикке карай багытталган ойлоонун кыймылы катары көрүнөт. Эски билимден жаңы билимге өтүү салыштырмалуу туура билимден андан бир кыйла жогоркураагына өтүүнү түшүндүрөт жана анда сөзсүз мурунку, эски билимдин орду болот. Бул өтүүчүлүк принцибинин баштапкы маңызын түзөт.

Социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн спецификасына жараша өтүүчүлүктүн аракетин иште эки өңүттө кароо менен, өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү сунушталат: социалдык-тарыхый изилдөөлөрдөгү тарыхты реконструкциялоонун тарыхый өтүүчүлүктүн формалары аркылуу жана өнүгүү динамикасында эски билим менен жаңы билимди байланыштыруучу өтүүчүлүк принцибинин функционалдык өзгөчөлүктөрү аркылуу ишке ашышы. Бул өңүттөр илимий таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк материалдык дүйнөнүн өзүнүн өнүгүшүндөгү өтүүчүлүк менен эле эмес, таанып-билүү жана практикалык иш-аракетиндеги өтүүчүлүк менен да шартталарын туюндурат. Биринчиси онтологиялык, экинчиси гносeлогиялык жагын мүнөзөйт.

Социалдык-тарыхый таанып-билүүдө өтүүчүлүк ар кандай деңгээлдеринде, бир катар формаларда жана түрлөрдө ишке ашат. Бул тармакта метатеоретикалык жана илимий эмес деңгээлдердеги өтүүчүлүк байланыштар изилдөөчүнүн калыптанышына, анын жаңы билимди жаратуудагы ишмердүүлүгүнө көбүрөөк таасир этиши өтүүчүлүктүн көмүскө билимдер түрүндөгү формасынын таасири чоң экендигин билдирет.

Өтүүчүлүктүн механизмдеринин социалдык-тарыхый таанып-билүүдө билимдерди жана баалуулуктарды өткөрүп берүүчү, интеграциялоочу, интерпретациялоочу, реконструкциялоочу, баарлашуучулук, жаңы билимдерди жаратуучу, позитивдик же негативдик ж.б. функцияларды аткарышы анын илимдердин бул тармагындагы изилдөөлөрдөгү норма, детерминант, жөнгө салуучусу, негизи экендигин, башкача айтканда, методологиялык принцип экендигин аныктайт.

4. Традиция тарыхый өтүүчүлүктүн туруктуу формасы. Анын өзөгүн традициялык билимдер түзүп турушат.Традициялык билим белгилүү бир

элдин узак убакыт аралыгында муундан муунга өтүп, адамдардын табигый жана коомдук чөйрө менен мамилесин жөнгө салган, илимден тышкаркы билимдери, ишенимдери, адаттары, ой-түшүнүктөрү. Традиция тарыхый өтүүчүлүктүн көрүнүшү катары социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуу үчүн негиз, жаңы билимди жаратуучу өбөлгө – социалдык детерминант болот. Традицияны ушундай түшүнүү биринчиден, традициялык билимдеги бүткүл оң жактарды таанып-билүүгө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка ж.б.) экстраполяциялоо аркылуу жаңы билимди жаратууну, экинчиден, ал билимдерди социалдык тажрыйбада колдонуу аркылуу коомдук турмуштун өнүгүшүнө өбөлгө болорун билдирет. Булар традициянын туруктуу мүнөзүнүн салыштырмалуулугун көрсөтөт.

5. Парадигма илимдеги традициялардын көрүнүшү болуп саналат. Тарыхый парадигма – өзүнө изилдөө идеяларын, теорияларын, методдорун, изилдөөчүнүн позициясын камтыган тарых илиминдеги изилдөөлөрдүн үлгүсү болот. Ал өзүн билимдердин өтүүчүлүгүн камсыз кылуучу жана жаңы билимдерди жаратуучу гносеологиялык механизм катары көрсөтөт: Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү жаңы билимдин жаралуу проблемасын циклдүүлүк жана сызыктуу-ырааттуулук тарыхый парадигмаларынын өнүгүшүндө анализдөө парадигманын чектеринде тарых илиминде өтүүчүлүк принцибинин туурасы боюнча формасы – таанып-билүүдө парадигманын негизги идея, теорияларынын колдонулушу улам такталып, кеңейип барышы ишке ашарын; алардын алмашуусунда – мурунку парадигманын идеялары жаңыда сакталып, бирок башка мазмунга, маңызга өтүп, өтүүчүлүк принцибинин тикесинен жүргөн формасы ишке ашып, тарыхый таанып-билүүдө фундаменталдуу жаңы, объект жөнүндө мурункудан тереңирээк билим пайда болорун аныктады. Мында өтүүчүлүк тарыхый билимдердин өнүгүү механизмин аныктаган методологиялык принцип катары кызмат өтөйт.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.**

Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары бир катар теориялык-практикалык конференцияларда апробацияланды. Алар: илимий-теориялык конференция: “Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы” (Ош,1999); илимий-теориялык конференция: “Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары” (Ош, 2001); “Индия жана Кыргызстан: цивилизациялар байланышы” аталышындагы I, II, IV,VI эл аралык илимий конференциялардын (Ош, 2001, 2002, 2004, 2008); илимий-практикалык конференция: “Личность и воспитание: роль образовательных технологий в современной школе” (Ош, 2001); эл аралык илимий конференция: “ Ислам в Центральной Азии” (Ош, 2004); эл аралык илимий-практикалык конференция: “Инновационные подходы в современной науке” (Москва, 2017).

Диссертация КР УИАнын ФжСУИИнун тааным теориясы, илимдин тарыхы жана философиясы бөлүмүнүн кеңейтилген отурумунда талкууга алынды жана коргоого сунушталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда чагылдырылышы:** Иштин негизги жыйынтыктары жана жоболору 22 макалада чагылдырылды, алардын ичинен 4 макала чет элдик илимий журналдарда жана жыйнакта жарык көргөн.

Диссертациянын идеялары философия курсунун лекциялык жана семинардык сабактарын өтүүдө, тарбиялык иш чараларды өткөрүүдө колдонулду.

**Иштин структурасы.** Иш киришүүдөн, эки баптан (биринчи бап эки, экинчи бап үч параграфтан), корутундудан жана 190 аталыштагы колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 170 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилденип жаткан теманын актуалдуулугу негизделди, изилдөөнүн максаты, милдеттери аныкталып, иштин илимий жаңылыгы, диссертациянын теориялык жана практикалик маанилери ачылып берилди, коргоого алып чыгылган негизги жоболор келтирилди, диссертациянын жоболорун апробациялоо, иштин структурасы жана көлөмү көрсөтүлдү.

Биринчи бап **“Тарыхый өтүүчүлүк: маңызы жана коомдун өнүгүшүндөгү орду”** деп аталып, эки параграфтан турат. Бул бапта өтүүчүлүк принцибине философиялык-тарыхый анализ жасалды жана анын фундаменталдык мүнөзү ачылды. Тарыхый өтүүчүлүк өтүүчүлүктүн социалдык формасы катары аныкталып, анын мазмуну жана маңызы учурдагы социалдык процесстердин динамикасын, ааламдашуунун шарттарын эске алуу менен коомдук турмуштун бүткүл чөйрөлөрүнүн динамикасын детерминациялоочу жалпы социалдык мыйзам ченемдүүлүк катары ачылып берилди.

Биринчи параграф “**Өтүүчүлүк проблемасына тарыхый-философиялык анализ”** деп аталат. Өтүүчүлүк принцибине тарыхый-философиялык анализ жүргүзүү жалпы диалектикалык өнүгүү теориясынын маңызын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Өтүүчүлүк өнүгүү процессиндеги эски менен жаңыны байланыштырып турган учурду жана анын маңызын түшүндүрүүчү принцип болуп саналат. Өтүүчүлүк түшүнүгүнүн мазмунун аныктоо анын таанып-билүүдө жана практикалык иш-аракетте методологиялык принцип катары кеңири колдонууга жол ачат.

Өтүүчүлүк түшүнүгү өзүнүн узак убакыттагы калыптануу тарыхына ээ. Өтүүчүлүк жөнүндөгү алгачкы элестөөлөрдү байыркы философтордун эмгектеринен учуратууга болот. Аларда өтүүчүлүк философиялык ой-жүгүртүүнүн атайын объектисин жаратпаган. Алгачкы башталманы байыркы грек натурфилософтору дайыма кыймылдагы, агып турган, өзгөрүп, бир түрдөн экинчи бир түргө өтүп турган активдүү жалпылык

катары мүнөздөшөт. Ушул идеяда бирдиктүү алгачкы башталманын өткөрүлүп берилиши, сакталышы – өтүүчүлүк байланыш жөнүндөгү идеянын жаткандыгы билинет.

Байыркы жана андан кийинки доорлордогу философтордун көз караштарын изилдөө аларда (атайын изилдөө объектиси болбогондугуна карабастан) өтүүчүлүк концепциясынын улам кеңейип, такталып барганын көрсөтөт. Демокриттен баштап өтүүчүлүк түшүнүгү коомго карай колдонулуп, ал Лукреций Кардын, Платондун, Аристотелдин ж.б. философтордун коомдук өнүгүү концепцияларында өнүгөт. Алардын өтүүчүлүк жөнүндөгү элестөөлөрүн илим өзүнүн өнүгүшүнүн эң баштапкы гана баскычында турган себептен, чектелүү болгон деп эсептөөгө болот.

Орто кылымдардагы батыштык философияда өтүүчүлүк жөнүндө алгылыктуу ойлорду учуратуу кыйын. Ал эми бул мезгилдеги Чыгыш мусулман философторунун көз караштарынан өтүүчүлүк жөнүндөгү өнүккөн идеяларды жолуктурбасак дагы, өз мезгилинин тарыхый чындыгына жараша көз караштарды табууга болот. Фарабинин көз караштарында коомдун, таанып-билүүнүн өнүгүшүндөгү эскинин танылып, акырындык менен билимдердин өтүүчүлүгү аркылуу акыйкаттын байып барышы жөнүндөгү идеялар бар. Беруни болсо дүйнөнү таанып-билүүдө бар болгон илимий маалыматтарга таянып, ошону менен эле токтоп калбастан байкоонун жана акыл-эстин жардамы менен аны өнүктүрүү керектигин аңдап сезген.

Жаңы мезгилде өтүүчүлүк проблемасы эмпиризм жана рационализм окууларындагы илимий билимдердин келип чыгышы маселесинде кездешет. Экөөнүн ортосундагы илимдин методологиясы жаатындагы карама-каршылыктарга карабастан, аларды төмөнкү кумулятивисттик идея бириктирет: ар бир кийинки илимий теория мурункулардын жыйынтыгы; илимий билимдин системасы чыныгы акыйкаттардын жыйындысы. Чындыгында кумулятивизм билимдердин өтүүчүлүгүн тааныйт, бирок өзүнүн өнүгүү процессинде трансформацияланбайт жана жоголбойт, кошулат деп түшүнөт.

Өтүүчүлүк проблемасына өзгөчө көңүл бурган философтор Агартуу дооруна туура келет. Бул мезгилде коомдук турмушту илимий түрдө түшүндүрүүгө аракеттер көрүлгөн. Д.Вико, Ж.Кондорсе, И.Гердер жана башкалар тарабынан коомдун циклдүү жана ырааттуу өнүгүү идеясы, аны менен кошо өтүүчүлүктүн социалдык тиби – тарыхый өтүүчүлүк идеясы өнүктүрүлүп, аны илимий түрдө негиздөөгө аракеттер жасалган. Алар тарыхый өтүүчүлүк проблемасын категориалдык деңгээлде чечмелей албаса да, адамзат тарыхынын биримдигинин жана жалпы өнүгүү сызыгынын тарыхый өтүүчүлүк аркылуу түзүлөрүн белгилешкен. Бирок социалдашуунун негизи катары идеялардын жана билимдердин өтүүчүлүгүн гана түшүнүшүп, практиканын аныктагыч ролуна баа беришпеген.

Гегель өнүгүүнүн диалектикалык концепциясынын негизинде биринчи болуп өтүүчүлүккө кеңири теориялык анализ жасаган. Ал өтүүчүлүктү танууну тануу мыйзамынын маңыздуу учуру катары көрсөтөт. Тануу өнүгүү процессиндеги мурунку сапаттын жокко чыгарылышы эле эмес, анын кээ бир элементтеринин, сакталышы, баштапкы кубулуштун жаңыланышы дагы болуп саналат. Танууну өнүгүүдөгү мазмундуу процесс катары түшүнүү - Гегелдин философиядагы ири эмгеги. Ал Гегелден кийинки философияда өтүүчүлүк концепциясын иштеп чыгууга теориялык негиз болду.

Гегелден айырмаланып, марксисттер танууну тануу мыйзамын жеке эле рухтун өнүгүшүнүн эмес, бүткүл бытиенин: жаратылыштын, коомдун жана ойлоонун мыйзамы катары иштеп чыгышкандыгы белгилүү, өтүүчүлүк менен тануунун ортосундагы диалектика дагы ушундай онтологиялык түшүнүктүн негизинде чечмеленет. Анда бул мыйзам жаңы менен эскинин өтүүчүлүк байланышы, спираль түрүндөгү өнүгүү, эскиге кайрылуу, баштапкы баскычтардын кээ бир элементтерин жыйынтыктоочу баскычта синтездөө сыяктуу жаңы мазмунга ээ болгон.

Марксисттик-лениндик философия өнүгүүнүн бир баскычынан экинчи бир башка баскычына өтүүдөгү тануунун ишке ашуу механизмдерин бир топ кеңири түрдө мүнөздөйт жана өнүгүү процессиндеги өтүүчүлүккө өзгөчө ролду ыйгарат. Өнүгүү кайталануучу баскычтар сыяктуу, бирок башкача бир топ жогорку негизде кайталанып (“танууну тануу”), түз сызык эмес, спираль сыяктуу ишке ашарын белгилеп, илимий таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк менен тануунун катнашын гносеологиялык өңүттөн изилдейт. Диалектикада бул проблемага кайрылуу диалектикалык жана тарыхый материализмди ырааттуу негиздөөгө болгон аракеттин жүрүшүндө гана ишке ашкан, атайын проблема катары коюлбаган.

Өтүүчүлүк жөнүндөгү адабияттардагы көз караштарды анализдөө иштеги өтүүчүлүк принцибинин мазмунун түшүнүүгө баштапкы негиз болду. Анын натыйжасында өтүүчүлүк түшүнүгүнүн өзгөчөлүгү “танууну тануу” түшүнүгүн конкреттүү механизмдери болгон “алып салуу”, “тануу”, “сапаттык жаңылануу” категориялары менен катнашта аныкталат. Маселени ушул өңүттөн кароо бизге өтүүчүлүктүн мазмунун андан ары коомдук процесстерге карай тереңдетип түшүнүүгө мүмкүндүк берди.

Кийинки мезгилдерде өтүүчүлүк проблемасы атайын изилдөө предметине айланган. Бул мезгилдердеги авторлордун кээ бири өтүүчүлүк тануунун учуру дешсе, башкасы танууну өтүүчүлүк байланыштын учуру дейт, үчүнчүлөрү өтүүчүлүк менен тануу карама-каршы жактар деген пикирлер бар. Жогорудагы пикирлерге терең философиялык анализ төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Биринчиден, өтүүчүлүк менен тануу теңдеш эмес, аларды теңдеш кароо диалектикада тануу түшүнүгүн тарытат; өтүүчүлүк жокко чыгаруу жана жаңылануу түрүндөгү тануулардын учуру катары кирет. Экинчиден, өтүүчүлүк менен тануу карама-каршы түшүнүктөр эмес, аларды карама-каршы коюу

тануунун метафизикалык түшүнүгүнө алып келет. Демек, диалектикалык түшүнүүдө өтүүчүлүк тануунун бир учуру болот.

Диалектикалык тануу процесси ар кандай түрлөрдө ишке ашат жана ага жараша өтүүчүлүктүн формалары да өзгөчөлөнүшөт. Алардын ичинен, биздин оюбузча, а) нерсенин "өзүнүн башкасына" өтүүсү менен коштолгон танууда жана б) аналитикалык жана синтетикалык тануу өз ичине камтыган процесстерде тануу толугураак мүнөздөлөт. "Өзүнүн башкасына" өткөн танууга "туурасы боюнча" өтүүчүлүк туура келет жана системанын ичиндеги же сапаттык биримдиктеги өнүгүүнүн баскычтарын мүнөздөйт. Өнүгүү процессинде ал баштапкы менен кийинкинин ортосундагы окшоштукту чагылдырат жана айырмачылыкты да аныктоого мүмкүндүк берет. Ал эми "тикеси боюнча" өтүүчүлүк аналитикалык жана синтетикалык танууда көрүнөт. Аналитикалык танууга убактылуу теңдештик мүнөздүү болуп, синтеткалык тануу баскычында гана циклдин толук бүтүшү (потенциалдуу каршылык – ишке ашкан каршылык – чечилген каршылык) ишке ашат.

Өтүүчүлүктү тануу процессинин маңыздуу учуру катары карап, аны кыймыл, өзгөрүү, өнүгүү процесстери аркылуу диалектикалык көз караште чечмелөө ага төмөндөгүдөй аныктама берүүгө мүмкүндүк берет: өтүүчүлүк жалпылык мүнөзгө ээ болуу менен, өнүгүү порцессинин ар кандай баскычтарынын ортосундагы байланыштардын мыйзам ченемдүүлүгүн билдирип, бир баскычтын белгилүү бир мазмуну башкада жаңы сапаттык деңгээлде сакталышын жана өнүгүшүн түшүндүргөн философиялык категория.

**"Тарыхый өтүүчүлүк социо-маданий кубулуш катары"** аталыштагы экинчи параграфта тарыхый өтүүчүлүк фундаменталдык социалдык мыйзам ченемдүүлүк катары аныкталат. Анын мазмуну, маңызы, функциялары коомдун сызыктуу эмес, көп варианттуу өнүгүү концепциясынын алкагында чечмеленет жана аксиологиялык акцент жасалат.

Өзүнүн объективдүү мүнөзү боюнча өтүүчүлүк мыйзам ченемдүүлүгү эң жалпы болуу менен катар, ар кандай көрүнүштөрүндө спецификалык мүнөздөмөлөргө ээ. Анын социалдык тиби – тарыхый өтүүчүлүк.

Тарыхый өтүүчүлүк категориясынын калыптанышы жалпы өтүүчүлүк категориясынын мазмуну менен маңызы улам такталып барган тарыхый процессте ишке ашкан. Коомдук өнүгүү жөнүндөгү идеялардын көпчүлүгү коомдук прогресс идеясы менен байланышкан, ага жараша тарыхый өтүүчүлүктүн мазмуну да ушул контекстте каралган. Коомдун ыраattуу өнүгүшү жана андагы өтүүчүлүктүн мааниси жөнүндө ойлорду өз доорунун чектелген деңгээлинде Гердер, Кондорсе ж.б. айтышкан. Тарыхый прогресстеги тарыхый өтүүчүлүктүн орду жөнүндөгү идеялар Гегелдин философиялык окууларында теориялык жактан жогорку тепкичке көтөрүлөт. Ал тарыхый өтүүчүлүктү коомдук өнүгүүнүн зарыл шарты катары түшүнөт. Ошентсе да Гегель коомдук жашоону өз алдынчалыгын,

анда конкреттүү инсандар, алардын каалоолору менен кызыкчылыктары, эскиге карай аң-сезимдүү тандоо мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин жокко чыгарып, тарыхый өтүүчүлүктүн мазмунун тарыткандыгы, тарыхый өнүгүүдө билимдер мурунку муундан кийинкиге “алып калынган” - кумуляцияланган түрдө өтүп, тарыхтын өнүгүү жолу түз сызыктуу прогресс катары эле элестетилгендиги диссертацияда белгиленет.

Евроцентристтик, расисттик, чыгышчыл, батышчыл, славянофил ж.б. агымдардын тарыхый өтүүчүлүктү четке каккан же болбосо мазмунун тарыткан, бир элдин тандалма “улуулугун” белигилеген көз караштарын сындоо да тарыхый өтүүчүлүктүн мазмунун тереңдитип түшүнүүгө өбөлгө түзгөндүгүн көрсөтүүгө болот.Тарыхтын сызыктуу-ырааттуулук парадигмасынын чектеринде тарыхтын биримдиги жөнүндөгү идея аркылуу тарыхый өтүүчүлүктүн маңызын ачып берүү, мүчүлүштүктөрүнө карабастан, оң натыйжаларды берди. Дүйнөлүк бирдиктүү маданияттын түзүлүшүндө тарыхтагы ар бир элдин орду бар экендигин аңдоо тарыхый өтүүчүлүктүн коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнүн динамикасынын детерминанты катары аныктоого мүмкүндүк берет.

Өтүүчүлүк категориясын сызыктуу эмес, көп варианттуу өнүгүү концепциясы аркылуу кароо прогресс идеясына негизденген өтүүчүлүк түшүнүгүнүн чектелүү жактарын көрүүгө жол ачты. Убагында өтүүчүлүктүн сызыктуу модели методологиялык кыйынчылыктарды жаратарын эске алышкан. Коомдук өнүгүү алдын-ала аныктоого мүмкүн болбогон жаңы кырдаалдарга жана жашоо-турмушка таасир этүүчү факторлорго туш боло тургандыгын, ал убакыттын өтүшү менен эле ырааттуу прогресс жолунда өнүгө берүүчү процесс эмес экендигин азыркы сызыктуу эмес, көп варианттуу парадигма белгилейт.

Диссертацияда марксисттик философиядагы өтүүчүлүктү түшүнүүдөгү көптөгөн оң жактарды эске алуу менен, ошол эле кезде анда тарыхый өтүүчүлүк формациялык схеманын негизинде, бир формациядан экинчи формацияга өтүүдөгү байланышты көрсөтүү үчүн, ири формациялардын калыптануу жана өнүгүү проблемасын чечүү үчүн колдонулган каражат болгондугун ачып берүүгө аракет жасалат. Өтүүчүлүк категориясынын иштелип чыгуусуна ири салым кошкон Э.А. Баллер деле ошол кездеги үстөмдүк кылган формациялык ыкка таянып, өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүндөгү тарыхый өтүүчүлүктүн үч формасын бөлүп караган. Бул мисал өтүүчүлүктүн сызыктуу моделинин жетишпеген жактарын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

Августинден - Викого, Викодон – Маркска, Маркстан – Шпенглерге чейинки тарыхтын философиясы коомдук процессти ири формалар аркылуу түшүндүрүүгө аракеттенген. Иште тарыхый өтүүчүлүк адамзат коомунун өнүгүшүнүн ири баскычтарынын эле ортосундагы байланыш эмес, бүткүл биримдигинин, бардык социалдык формаларынын зарыл байланышы экендиги көрсөтүлөт. Мындай түшүнүк коомдук турмуштун ар кайсы

чөйрөлөрүндөгү өтүүчүлүктүн спецификасын өзүнчө изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Ошондой эле диалектикалык-материалисттик философиядагы таптык, экономикалык чөйрөгө артыкча баа берүүчү түшүнүктөр да тарыхый өтүүчүлүктүн маңызын тарытат жана бурмалайт. Иште тарыхый өтүүчүлүктүн маңызын ушул түшүнүктөрдөн арылтып интерпретациялоого аракеттер жасалды.

Коомдук турмуштун материалдык жана рухий чөйрөлөрүндөгү өтүүчүлүктүн спецификасын ушундай өңүттө анализдөө анын үзгүлтүктүү жана үзгүлтүксүз, тикелей жана тикелей эмес, оң жана терс (позитивдүү жана негативдүү) формаларын белгилөө менен, тарыхый өтүүчүлүктүн сызыктуу эмес моделинин маңызын тереңдетип ачууга шарт түздү.Тарыхты аң-сезимдүү, түрдүү кызыкчылыктар менен каалоолорго ээ адамдардын, субъектилердин ишмердүүлүгүнүн байланышы катары түшүнүү тарыхый өтүүчүлүктүн бытиенин башка формаларынан айырмаланган аңдалган *тандалуучулук* мүнөзүн билдирет. Ушул мүнөз мурастоочунун, анын аңдалган түрдө мурасты иргеп алуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендигин түшүндүрөт жана иштеги аксиологиялык акцентти актайт деп ойлойбуз. Баалуулук түшүнүгүнүн салыштармалуулугу тарыхый өтүүчүлүктүн оң жана терс мүнөздөрүн көрсөтөт. Иштин көмүскө максаттарынын бири болгон жалпы адамзаттык жогорку баалуулуктарга умтулуу аң-сезимдүү тандап алууда гана ишке ашат.

Ошондой эле бул параграфта азыркы ааламдашууга байланышкан өнүгүүнүн эки тенденциясы тең өтүүчүлүк менен шартталары белгиленет. Биринчиси – ар бир элдин өз “жүзүн” сактап калууга умтулуусу. Экинчиси – башка элдер менен аймактардын маданиятын сиңирип алууга умтулуу. Бул тарыхтын биримдиги жөнүндөгү маселеге такалат жана аны чечмелөө анда тарыхый өтүүчүлүктүн тарыхтагы ордун, функцияларын, мүнөзүн аңдап билүүгө мүмкүндүк берет. Бул маселе үч өңүттөн каралып, тарыхтын биримдиги өтүүчүлүктүн натыйжасы экендиги, анын оң жана терс жактары белгиленди. Алсак, тигил же бул башка маданиятты сиңирип алуу жолу аркылуу өзүнүн маданиятындагы оң баалуулуктарды жоготуп алуусун (тануусун) негативдүү өтүүчүлүккө кошууга болот. Бул жерде “башканын” өтүүчүлүгү эмес, өзүнүкүн жоготкон (танган) өтүүчүлүк негативдүү. Бул жагдай Кыргызстанга да тиешелүү.

Тарыхый өтүүчүлүк татаал структуралык түзүлүшкө ээ болуп, аны мазмуну жана жашап туруу формалары түзүшөт. Мазмунун адамдардын социалдык тажрыйбасы, анын өтүүчүлүгү түзөт. Социалдык тажрыйбанын улам топтолуп барышы тарыхый өтүүчүлүктүн сандык өзгөрүүдөгү, ал эми коомдук турмуштун бир формасынан башкасына өтүүдөгү көрүнүшү анын сапаттык мазмунун берет. Өз кезегинде алар диалектикалык тануунун а) алып салуу жолу менен жүргөн түрүн – тарыхый өтүүчүлүктүн сапаттык формасын (тикеси боюнча өтүүчүлүктө көрүнөт); б) трансформация жолу

менен – тарыхый өтүүчүлүктүн сандык өзгөрүүдөгү формасын (туурасы боюнча өтүүчүлүктө көрүнөт) беришет.

Ошентип, тарыхый өтүүчүлүк – адамзат тарыхынын бир бүтүндүгүнүн, анын жашап турушунун жана өнүгүшүнүн зарыл шарты, мыйзам ченемдүүлүгү; ал мурастоочу субъектинин иш-аракетинде ишке ашат; муундар аралык жана бир муундун өкүлдөрүнүн ортосундагы байланыш болуп саналат. Демек, тарыхый өтүүчүлүк – мүнөздүү өзгөчөлүктөрү социалдык ишмердүүлүктүн маанилүү натыйжаларын социалдык мейкиндикте жана убакытта конкреттүү-тарыхый системанын субъектисинин ишмердүүлүгүндө сактап калуу, кайталоо, кайра өзгөртүп түзүү менен жаңыны жаратуу, тануу жана четке кагуу болгон социалдык мурастоону белгилөөчү философиялык категория.

Адамзат тарыхы өзүнүн жүрүшүндө өзгөрөт, өнүгүүнүн ар кайсы этаптарында ар түрдүү сапаттык өзгөчөлүктөргө ээ болот. Жалпы адамзат тарыхы – жекече элдер менен өлкөлөрдүн, алардын мейкиндиктин жана убакыттын ар кандай өлчөмдөрүндө өз ара байланышынын тарыхы. Тарыхты ушундай өңүттөн кароо тарыхый өтүүчүлүктүтүшүнүүнүн сызыктуу эмес концепциясын берет.

2-бап **“Социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн өнүгүшүндөгү тарыхый өтүүчүлүк”** деп аталып, үч параграфты камтыйт.

Биринчи параграф **“Социалдык-тарыхый таанып-билүүдө өтүүчүлүк принцибинин ишке ашуу өзгөчөлүктөрү”** деп аталат.

Анда социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк байланыштар тарых илиминин мисалында каралат жана анын ишке ашуу өзгөчөлүктөрү анализденет.

Илимий таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк байланышты илимдин өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгү, методологиялык принцип катары изилдөө менен анын андан ары өнүгүшү үчүн божомолдоочу негизди алууга болот.

Илимдин өнүгүү логикасын ачууга, аны тарыхый реконструкциялоого аракеттенген кумулятивдик, антикумулятивдик жана “кейс стадис” концепциялары өтүүчүлүктүн маанисин туура эмес түшүнүшөт. Кумулятивизм билимдердин өнүгүшү улам толукталып, топтолуп, кийинки илимий теория мурункусун жалпылап бара турган процесс дейт. Ал эми антикумулятивизм боюнча эски теория жаңы теориялар аркылуу сүрүлүп ташталат. “Кейс стадис” илимдин тарыхындагы жекече бир окуяга же учурга гана көңүл буруп, өнүгүүдөгү жалпылыкты, байланышты эске албайт. Илимдин өнүгүүсүнүн аталган моделдериндеги негизги жетишпестик өтүүчүлүктүн объективдүү негиздери жөнүндөгү маселени коюшпагандыгында. Өтүүчүлүктүн илимий билимдердин өнүгүшүндөгү орду жөнүндөгү маселе диалектикалык философияда атайын изилдөө предмети катары коюлат жана өнүгүүнү түшүнүүдөгү принциптердин бирине айланат. Илимдин өнүгүшүн өтүүчүлүк принциби аркылуу түшүнүү бизге анын өнүгүү логикасын туура талдай билүүгө жардам берет. Принцип

– бул таанып-билүүчүлүк, практикалык жана рухий иш-аракет жүргүзүү үчүн белигилүү бир талаптарды камтыган нормативдүүлүк. Илимдеги принциптер – бул илимий таанып-билүүгө болгон талап, илимдин өнүгүшүнүн идеалдары жана нормалары, детерминанты, жөнгө салуучусу, негизи катары келип чыгышат. Алардын негизинде субъект илимий изилдөө жүргүзөт, изилдөө программаларын, теорияларын түзөт, дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн иштеп чыгат жана таанып-билүүнүн объектисин практикалык жактан өзгөртөт. Эски билимден жаңы билимге өтүү салыштырмалуу туура билимден андан бир кыйла жогоркураагына өтүүнү түшүндүрөт жана анда сөзсүз мурунку, эски билимдин орду бар. Бул жобо өтүүчүлүк принцибинин баштапкы маңызын туюндурат.

Өтүүчүлүк илимдеги жалпы мыйзам ченемдүүлүк. Анын мүнөздүү өзгөчөлүгү – мурунку билимдерди кармап туруу, кайталоо, сактоо жана сапаттык жаңы деңгээлде өнүктүрүү, тарыхый жактан калыптанган илимдин субъектисинин ишмердүүлүгүнө социалдык жактан маанилүү болгон илимий баалуулуктарды киргизүү болуп саналат. Жалпы өтүүчүлүк принцибинин илимдеги орду, маңызы, функциялары жана формалары жөнүндөгү эмгектерди анализдөө жана аларга негизденүү аны социалдык-тарыхый таанып-билүүгө карай колдонуу мүмкүнчүлүгүн, ишке ашуу өзгөчөлүктөрүн изилдеп көрүүгө мүмкүндүк берди.

Иште социалдык-тарыхый изилдөөлөрдөгү өзгөчөлүктөр эске алынып, андагы өтүүчүлүк принцибинин ишке ашышы *эки өңүттөн* кароо менен чечмеленет: а) социалдык-тарыхый изилдөөлөрдөгү тарыхты реконструкциялоонун тарыхый өтүүчүлүктүн формалары аркылуу ишке ашышы; б) социалдык-тарыхый изилдөөлөрдүн өнүгүү динамикасында эски билим менен жаңы билимди байланыштыруучу өтүүчүлүк принцибинин функционалдык өзгөчөлүктөрү аркылуу ишке ашышы. Биринчиси тарых илиминдеги өтүүчүлүктүн онтологиялык, экинчиси гносеологиялык жагын туюндурат.

Өтүүчүлүк принциби тарыхый окуяларды реконструкциялоонун жана аларды изилдөөнүн негизги методдорунун бири болуп эсептелет. Бул принциптин тарыхты изилдөөгө карата биринчи өңүттө колдонулушу адамзат тарыхынын өзү муундан-муунга уланган бир бүтүндүк экендиги менен түшүндүрүлөт. Ар кандай таанып-билүү субъект-объект катнашында ишке ашат. Тарых илиминин өзгөчөлүгү да ушул мамиленин өзгөчөлүгүндө: тарыхчы менен изилденип жаткан доордун ортосунда белгилүү бир дистанция, доорлор турушу мүмкүн. Социалдык-тарыхый таанып-билүүдө тарыхый өтүүчүлүктүн формаларын аныктоо субъект менен объектинин ортосундагы мамилени конкреттештирүүгө мүмкүндүк берет. Иште тарыхый өтүүчүлүктүн мындай формалары катары өткөн муундун материалдык жана рухий баалуулуктары, ар кандай буюмдук булактар, тилдик-белгилик каражаттар, тарыхый текст ж.б. көрсөтүлөт. Социалдык өтүүчүлүктүн жогоруда көрсөтүлгөн формалары муундан-муунга берилип, сакталышат жана өзгөрүшөт, өткөн тарых жөнүндө кабар

беришет. Изилдөөчүдөн аталган тарыхый өтүүчүлүктүн формаларынан аны кызыктырган тарыхый доордун, мезгилдин, окуянын, башкача айтканда, объектинин маңызынан бүгүнкү күнгө өткөн мазмунду көрө билүү талап кылынат.

Бул формалар объектинин мазмуну түрүндө ишке ашат, билимдердин мазмунун көрсөтпөйт. Субъектинин активдүү изилдөөчү иш-аракети гана билимдерди пайда кылып, анын өнүгүшүн камсыз кылат. Маселени экинчи өңүттөн кароо субъектинин мазмуну менен байланышта ишке ашты. Бул илимий таанып-билүүдөгү өтүүчүлүктүн маңызы биринчи кезекте субъектинин ишмердүүлүгүнүн өтүүчүлүгү жана дүйнөнү кайра өзгөртүп түзүүсү менен шартталарын түшүндүрөт.

Диссертацияда өтүүчүлүк принцибинин аракетин изилдөөнүн субъектисинин калыптануу процессиндеги детерминанттар аркылуу ачууга аракет жасалат. Аны илимдин субъектисинин социалдашуусу катары аныктап, илимий билимдердин өнүгүшүндөгү өтүүчүлүктүн ар кандай деңгээлдердеги механизмдери белгиленет: илимдин ички, илимий эмес, метатеориялык жана интертеориялык. Өтүүчүлүктү аталган деңгээлдерде аныктоо илимди системалуулук ык аркылуу түшүнүүдөн келип чыгат. Өтүүчүүлүктүн ар кандай деңгээлдердеги механизмдеринин таасири астында субъектинин өзүнүн жекече көз карашы калыптануу менен, мурасталган билим субъект аркылуу электен өтүп (анын тажрыйбасына, даярдыгына, таасир эткен көз караштык түзүмдөргө ж.б. жараша), “алынып салынган” мазмун субъектинин чыгармачыл иш-аракетине негиз болот, ал түзгөн жаңы билимде белгилүү бир мазмунда жашоосун улантат.

Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүктүн механизмдерининде социомаданий факторлордун таасиринин күчтүүлүгү ылайык келүүчүлүк принцибин тарыхый таанып-билүүгө карай экстраполяциялоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүктүн ар кандай деңгээлдеринде ал төмөндөгү формаларда ишке ашат: биринчиден, ар кандай карама-каршы социалдык-тарыхый гипотезалардын, идеялардын рационалдуу учурларын бириктирген, алып салуу жолу түрүндөгү жаңы тарыхый гипотезанын, идеянын пайда болушу. Бул *өтүүчүлүктүн альтернативалуу гипотезаларда акыйкаттуу элементтерди синтездөө формасына* туура келет. Экинчиден, социалдык-тарыхый таанып-билүүдө өтүүчүлүк *үчтүктөр* формасында көрүнөт. Мында социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн мурунку баскычындагы оң жактарды сактап калган жаңы билим пайда болот. Анын көрүнүшүн тарыхый парадигмалардын алмашкан учурунан жакшы байкоого болот. Үчүнчүдөн, социалдык-тарыхый таанып-билүүдө ылайык келүүчүлүк принцибинин *түшүнүктөрдү бир чөйрөдөн экинчи башка чөйрөгө которуу* формасы жаңы жыйынтыктарды алууга мүмкүндүк берет, анын көрүнүшү социалдык-тарыхый таанып-билүүдө метатеориялык, интертеориялык деңгээлдерде ачык билинет. Ал эми ылайык келүүчүлүк принциби илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүндө

өтүүчүлүктүн формасы катары келип чыгат жана эвристикалык мүмкүндүк берет. Төртүнчүдөн, ылайык келүүчүлүк принцибин *өтүүчүлүктүн чектик өткөрүү формасында* түшүнүү эски жана жаңы теориялардын ортосундагы байланышты түшүндүрүп, жаңы акыйкат эски акыйкатты өзүнүн ичине жеке келтирилген учуру катары камтып, өзүнүн маанисин мурунку тармактар үчүн сактап калат. Таанып-билүүнүн субъектисинин жеке инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, тарыхый таанып-билүүдө *ачык* жана *көмүскө билимдердин формасындагы* өтүүчүлүгү метатеориялык да, теориялык да деңгээлдерде орун алган. Бул тармакта метатеоретикалык жана илимий эмес деңгээлдердеги өтүүчүлүк байланыштар изилдөөчүнүн калыптанышына, анын жаңы билимди жаратуудагы ишмердүүлүгүнө көбүрөөк таасир этиши өтүүчүлүктүн *көмүскө* билимдер түрүндөгү формасынын таасири чоң экендигин билдирет.

Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү салыштырма жана абсолюттук акыйкаттардын диалектикасы өтүүчүлүктүн “туурасы” жана “тикеси” боюнча түрлөрүн шарттайт. Тарыхый окуялар менен фактыларды интерпретациялоо ошол доордун тарыхчыларына мүнөздүү болгон тарыхтын концептуалдуу моделдерине ылайык келет. Мындай концептуалдык моделдердин чектеринде тарыхый тексттер улам топтолуп, белгилүү бир окуяны же тарыхый доорду, анын жагдайларын түшүнүүдө үлгү катары кызмат өтөп, тарыхый билимдердин топтолушуна мүмкүндүк берет, бул *туурасы боюнча* түрү. Өтүүчүлүктүн *тикеси боюнча* түрү жаңы деңгээлдеги жалпылыкта акыйкаттардын ортосундагы өз ара байланышты шарттайт. Аналитикалык жана синтетикалык тануулардын таанып-билүү процессинде чагылдырылышы акыйкаттын калыптанышында “тикесинен” өтүүчүлүктүн ишке ашышын мүнөздөйт. Тарыхый парадигмалардын, концепциялардын алмашышындагы өтүүчүлүк байланыш ушундай түргө кирет.

Өтүүчүлүк принцибин интерпретациялоочу функциясынын аталган тармакта маанилүүлүгүн бөлүп көрсөтүүгө болот. Тарыхый таанып-билүүдө теориялаштыруу мүмкүндүгү анын өнүгүү стадияларынын ортосундагы өтүүчүлүк байланыштарды аныктап, тарыхый процесстин терең, фундаменталдык негиздерин аныктаганга мүмкүнчүлүгү бар экендиги менен түшүндүрүлөт.

Өтүүчүлүктүн механизмдеринин социалдык-тарыхый таанып-билүүдө билимдерди жана баалуулуктарды өткөрүп берүүчү (трансляциялоочу), интеграциялоочу, интерпретациялоочу, реконструкциялоочу, баарлашуучулук, жаңы билимдерди жаратуучу, позитивдик же негативдик ж.б. функцияларды аткарышы анын илимдердин бул тармагындагы таанып-билүүдөгү норма, детерминант, жөнгө салуучусу, негиз экендигин, башкача айтканда, методологиялык принцип экендигин аныктайт.

2-парагаф “**Традиция өтүүчүлүктүн формасы жана анын таанып-билүүдөгү социалдык детерминант катары орду”** деп аталып, традициянын көп кырдуу социомаданий кубулуш катары илимдин

өнүгүшүнө тийгизген таасирин көрсөтүүгө аракет жасалат. Бул маселеге кайрылуу социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн жыйынтыктары этно-социалдык эс-тутумга таасир этип, улуттук традициялар аркылуу коомдук өнүгүүнү камсыз кылууга болгон коомдук талапты канааттандыруучу каражат болору менен байланыштырылат.

Традициянын илимий таанып-билүүдөгү ордун эки өңүттөн кароого болот: а) коомдо жашап келген менталдуулуктун, традициялардын, ойлоо өзгөчөлүгүнүн илимий таанып-билүүгө (анын ичинде илимий традициялардын калыптанышына) таасири; б) Илимдин өзүндө калыптанган традициялардын илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүндөгү орду.

Ааламдашуу шартындагы социомаданий кубулуштардын таанып-билүүгө болгон таасирин, анын алкагында традициялык билимдердин ордун аныктоо илимдин өнүгүшүнө методологиялык негиз боло алат. Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү аксиологиялык жактын басымдуулугу андагы рационалдуулук менен иррационалдуулуктун диалектикасын талап калат. Коомдук турмушту ар кандай теориялаштыруу традициялардын, менталдуулуктун, күнүмдүк жашоо-турмуштагы даанышман ойлордун туундусу, башкача айтканда, ал жандуу тарыхый процесстин өзүнөн келип чыгат. Коомдук тарыхый процесс улам өзгөргөн сайын алардын жашоо формасы өзгөрүп, форманын өзгөрүшү кайра мазмунга таасир этет, маңыз сакталып калат, татаал байланыштарда муундан-муунга берилет. Анын мааниси *моралдык баалуулуктар тарыхый өтүүчүлүктүн* коомдук өнүгүүнү камсыздоочу негизги *регулятиви* экендигинде турат.

Традициянын түшүнүк аппаратын изилдөөлөргө кайрылуу төмөндөгүдөй жыйынтык берет: Традиция – тарыхый өтүүчүлүктүн туруктуу формасы. Эгерде классикалык философия традицияны илимге терс, дүйнөнү рационалдуу жана объективдүү таанып-билүүгө тоскоол болуучу кубулуш катары кабыл алса, азыркы күндөгү социалдык-тарыхый шарттар бул көз карашты төгүнгө чыгарат: традиция социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуучу үчүн негиз, жаңы билимди жаратуучу өбөлгө болот.

Диссертацияда традицияны социалдык таанып-билүүдөгү детерминант катары ордун көрсөтүүдө илимдердин философиясында иштелип чыккан билимди “ачык” жана “көмүскө” билимдерге бөлүштүргөн концепция колдонулат. Көмүскө билимдин негизги мааниси ал өзүнө турмуштук таасирленүүлөргө, маданий архетиптерге жана маанилерге негизделген билимдерди камтып тургандыгында. Социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн негизги максаты коомдогу адамдардын жыргалчылыгынын, жакшылыктын камсыз болушун рационалдаштырып түшүндүрүү, коомдук жашоого багыт берүү. Бул баалуулуктар ар кайсы элде өзүнчөлүккө ээ жана ал ошол элдин менталитетинде, традицияларында жана башка эс-тутумунун формаларында жашайт.

Коомдук турмуштагы традициянын жашап турушу, башкача айтканда, сакталышы ошол коомду (элди, улутту) аныктап турган маданиятынын сакталышы болуп саналат. Эгерде коомдогу жаңы өзгөрүүлөр туруктуу структураларга салыштырмалуу басымдуулук кылса, анда муну коом жана анын маданиятынын бузулушу катары түшүнүүгө болот. Мындай учурда коомдун менталитети, традициялары өзгөрөт, тарыхый эс-тутуму деформацияланып, мурункудан таптакыр башка коом калыптанат.

Ушул фактынын өзү маданиятта жүрүүчү процесстерди толук бойдон рационалдаштыруу мүмкүн эмес экендигин, мындай рационалдаштыруунун натыйжалары дайыма эле “рационалдуу” боло бербей тургандыгын айгинелейт.

Жогорудагы тыянактар коомдук теорияларды иштеп чыгууда традициялык билимдерди колдонуунун, аларды рационалдык билимдер менен айкалыштыруу- нун зарылдыгын туюндурат. Ойлоонун традициялык социомаданий детерминанттары жана формалары курчап турган чөйрөдө бир кыйла ишенимдүү багыт алууга мүмкүндүк берилет. Алар убакыттын узак аралыгында калыптанып, салмактуу билимдерди өзүнө камтыйт, социалдык турмуштун көптөгөн көйгөйлөрүн чечип, ишмердүүлүгүн жөнгө салат.

Бул пикир социалдык-тарыхый билимдердин коомдук турмушту жөнгө салуучу функциясынын маанисин билдирет. Азыркы күндө орчундуу болгон этникалык иденттүүлүктү сактоону рационалдуу негиздөө социалдык-тарыхый илимдердин милдети. Биздин оюбузча, этникалык иденттүүлүктү социомаданий конструкциялоону Бергер жана Лукман сунуштаган схемада (типтештирүү, хабитуалдашуу (адатка айландыруу), институтташтыруу жана легитимдештирүү) түшүнүү оң натыйжа берет. Бул схема традицияны өтүүчүлүктүн бир формасы катары түшүнүүнү актайт деп ойлойбуз. Аталган схема социомаданий традициялардын калыптанышын, алардын кийинки муун аркылуу трансформацияланышынын механизмин сүрөттөп берет. Муну менен катар социалдык-тарыхый илимдерге бул механизмдин ишке ашуусуна талап коюп, илимдин социалдык функциясын бөлүп көрсөтөт, тарыхый өтүүчүлүктүн активдүү социалдык тандалуучулук мүнөзүн ачып берет.

Ал эми традициядагы оң, прогрессивдүү, гуманисттик маңыз традициялык билимдерде орун алган. Кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлоосу анын традициялык билимдеринин жашоо орду. Аларда бүткүл позитивдүү жана рационалдуу тенденциялар орун алган. Кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлоосунун традициялары А.А. Алтмышбаев, Б. Аманалиев, А.Ч. Какеев, А.И. Нарынбаев, Ж. Жаныбеков, М. Абдылдаев, Ш.Б. Акмолдоева, А. Байбосунов, О.А. Тогусаков, М. Жумагулов, Ы.М. Мукасов, Ж. Бөкөшов ж.б. илимпоздордун эмгектеринде ар тараптуу, ар кандай өңүттөрдө жана булактар аркылуу системалуу талданат.

Традициянын таанып-билүүгө карай жаңыны жаратуучу өбөлгө катары түшүнүү биринчиден, традициялык билимдеги бүткүл оң жактарды таанып-билүүгө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка ж.б.) экстраполяциялоо аркылуу жаңы билимди жаратууну, экинчиден, ал билимдерди социалдык тажрыйбада колдонуу аркылуу коомдук турмуштун өнүгүшүн камсыздашын билдирет. Бул болсо традициянын константтык мүнөзүнүн салыштырмалуулугун көрсөтөт. Кыргыздардын традициялык билимдери азыркы коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө (тарбия берүүдө, айыл чарбасында, медицинада, жаратылыш кубулуштарын түшүнүүдө, бийлик жүргүзүүдө, социалдык карым-катнашта ж.б.) колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Ошону менен катар, традиция коомдогу менталдуулуктун алып жүрүүчүсү катары кыргыз элинин өзүн идентификациялоосунун бирден-бир булагы болот. Ошентип, традициялык билимдин таанып-билүүдөгү орду бүгүнкү күндөгү илимий таанып-билүүнүн социалдык функциясы менен аныкталат.Традиция тарыхый өтүүчүлүктүн көрүнүшү катары социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуу үчүн негизги база, жаңы билимди жаратуучу өбөлгө – социалдык детерминант болот.

Бүгүнкү күндөгү илим кайрадан тарыхый шарттарда улам жаңыланып, жаңы мазмунга, маңызга ээ болуп келген традициялуу билимдерге кайрылуусу өзүнүн онтологиялык негизине кайрылгандыгын, ошол эле кезде, ушундай жол аркылуу гана коомдук жашоого оң методологиялык негиз болуп бере ала тургандыгын көрсөтөт. Азыркы кездеги постклассикалык эмес илимдин илимий теорияларга, изилдөөлөргө койгон талабы да ушундай.

3-параграф **“Социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн традицияларында жаңы билимдин пайда болуу проблемасы” деп аталат.** Анда социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү традициянын мааниси, анын тарых илиминин өнүгүшүндөгү жаңы билимдин жаралышындагы орду каралып, өтүүчүлүктү социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү методологиялык принцип катары бекемдөөгө аракет жасалат. Бул параграфтын негизги мазмуну биздин эмгекте жарык көргөн: “Традиции в социально-историческом познании и новое знание” [Арзыматов Ж.С., Кочкорова Д.А. // Журнал научных публикаций аспирантов и докторантов. – Курск, 2017. - № 3. – С.47-49].

Илимдеги традиция постпозитивизмде тагыраак иштелип чыккан. Т.Кун илимдин өнүгүү тарыхын изилдеп, анда эки мезгилди бөлүп карайт: нормалдуу илим мезгили жана илимий революциялар. Кундун пикири боюнча нормалдуу илим – бул бир топ убакыттын аралыгында белгилүү бир илимий коомчулук тарабынан андан ары колдонууга негиз катары таанылган мурунку бир же бир нече жетишкендиктерге бекем таянган изилдөөлөр. Ушундай традициялардын негизинде жаткан жетишкендиктерди Кун *парадигма* деп атаган.

Парадигма түшүнүгү социалдык-гуманитардык илимдерде да кеңири тараган. Социалдык-тарыхый илимдердеги парадигмалар салыштырмалуу аз изилденген, өзгөчө алардын чектеринде бир парадигмадан экинчи парадигмага өтүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин ишке ашуу механизмдери дээрлик каралбаган.

Бир топ авторлордун социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү парадигма жөнүндөгү эмгектерин анализдөө аркылуу биз төмөндөгүдөй аныктама берүүгө умтулдук: тарыхтын парадигмасы – бул тарыхый чындыктын кубулуштарын таанып-билүү үчүн конкреттүү окумуштуулар коомчулугу тарабынан жалпы кабыл алынган жана ушул учурда активдүү колдонулган методологиялык каражаттардын системасы, өзүнүн убагы жана илимий чөйрөнүн белгилүү бир бөлүгүнүн арасында тарыхый кубулуштарга ой-жүгүртүүнүн методологиясы.

Тарыхый парадигма методологиялык каражаттардын системасы катары өтүүчүлүк принцибинин негизинде бир эле мезгилде эки функцияны аткарат: тарыхый билимдерди кайра өндүрүүчү жана жаңы билимдерди жаратуучу. Парадигманын идеяларын кабыл алуу менен ал парадигма кайра өндүрүлөт; ал эми парадигманын негизги теориялык, методологиялык, аксиологиялык системасынын позициясында туруп, изилдөөчү жаңы билим жаратат. Илимдеги негизги жыйынтык – бул жаңы билим. Натыйжада, таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк байланыш ишке ашып, анын негизинде жаңы билимдин пайда болушу өтүүчүлүк принцибинин жаңыны жаратуучу механизм экендигин аныктайт.

Тарых илиминде билимдерге ээ болуу тарыхый реалдуулукту түшүнүүнү билдирет. Социалдык-гуманитардык илимдердин спецификасына көңүл бурган алгачкы философ В. Дильтей тарых илиминдеги ушул өзгөчөлүктү белгилейт.Тарыхый окуялар менен процесстерди түшүнүү үлгүгө – тарыхый парадигмага карай ишке ашат. Бул процесс аны интерпретациялоо аркылуу жүрөт. Өтүүчүлүктүн ишке ашуусу да ушундан көрүнөт.Тарыхый факт тарыхчы тарабынан интерпретация аркылуу илимий фактыга айланат. Демек, интерпретация тарых илиминде жаңы теория, идеяларды жаратат. Тарыхый окуяларды улам жаңыдан интерпретациялоо менен ал ошончолук тереңдеп изилденет. Муну менен тарых илиминдеги идеялар менен теориялардын өтүүчүлүгү камсыз болуп, жаңы билимдин жаралуусуна негиз болот.

Диссертацияда тарыхый билимдердин өнүгүшүндө өтүүчүлүк принцибинин ишке ашуусун изилдөө тарыхтын циклдүүлүк жана сызыктуу-ырааттуулук парадигмаларынын чектеринде жана алардын алмашуу процессинде жүргүзүлдү жана жогоруда биз белгилеген тарыхый парадигманын мүнөздөрү ачылды. Циклдүүлүк парадигмасынын негизинде тарых – бул түбөлүк айлампа аркылуу кыймылда болот деген идея жатат, тарыхтын агымы белгилүү бир убактарда жана чектерде пайда болот, кыймылда болот, кайра начарлайт. Бул процесс кайра-кайра кайталанат.

Циклдүүлүк парадигмасынын чектеринде тарых илиминин пайда болуп, калыптануу процессинде тарыхый фактылар изилденип, билимдер топтолуп, системага салынды. Бул процессте циклдүүлүк парадигмасы өтүүчүлүк принцибинин аракетинде тарыхый таанып-билүүнүн бүтүндүгүн камсыз кылып, тарыхтын илим катары пайда болуп, калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө түзө алды. Өтүүчүлүк тануу принцибинин бир учуру катары циклдүүлүк парадигмасынын өнүгүшүндө улам жаңы билим мурунку билимдин оң жактарын (парадигманын негизги идеясын) өзүндө алып калуусу өтүүчүлүк принцибинин методологиялык функциясын көрсөтөт.

Бул парадигма өзүнө убакыттын сызыктуулугу, адамзаттын бирдиктүү өнүгүүсү, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүү ишке ашуусу, географиялык чөйрөнүн тарыхка болгон таасири, тарыхтын кыймылдаткыч күчү катары акыл-эсти эсептөө идеяларынын жыйындысын камтып турат. Негизги теориялары катары прогресс, табигый тандоочулук, коомдук келишим, революция, тап күрөшү теорияларын эсептөөгө болот. Алар парадигманын калыптанып-өнүгүшүндө кеңейип, жаңыланып барган.Тарых илминин алдына коомдук прогресстин мыйзамдарын ачуу, тарыхый булактардын маңызын изилдөөдө тактык жана сын көз менен кароо шарттарын коюп, тарых илиминин илим катары бекемделишине зор өбөлгө түзгөн.

Циклдүүлүк парадигмасынын сызыктуу-ырааттуулук парадигмасына алмашуусу жана акыркынын кризиси, бир жагынан, социалдык-тарыхый илимдердин өнүгүшү коомдун социомаданий факторлорунан түздөн-түз көз карандылыгын билдирип, социалдык теориялардын өтүүчүлүктүн метатеориялык деңгээлдеги механизмдери аркылуу детерминациясын көрсөтөт. Экинчи жактан болсо, парадигманын негизги идеясынын чегинде кумулятивдик этап аяктап, трансформация этабы башталганын, тарыхый окуяларды, фактыларды жана тексттерди түшүндүрүүдө проблемалар пайда болуп, жаңы билимге (теорияга) болгон муктаждыктын жаралганын түшүндүрөт. Иште бул процессти үчтүктөр формасындагы өтүүчүлүк аркылуу түшүнүүгө аракет жасалды.

Тарых илиминде билимдердин өнүшүндөгү терең өзгөрүүлөр жаңы парадигманын пайда болушуна алып келет. Бул процессти Кун илимий революция деп атайт. Бирок, али жаңы парадигма пайда болгонго чейин эски парадигманын чектеринде карама-каршылыктар пайда болушат. Бул болсо жашап турган парадигманын чектеринде изилдөөчү тарыхый фактыны түшүндүрүүдө кыйынчылыктарга туш болгонун түшүндүрөт. Бул кыйынчылыктар таанып-билүүдөгү сапаттык өзгөрүүдөн кабар берет. Аны таанып-билүү процессиндеги үчтүктөр формасындагы өтүүчүлүк байланыш аркылуу түшүнүүгө болот. Анын маңызы төмөндөгүчө: тезис менен антитезистин ортосундагы карама-каршылык синтез аркылуу алынып салынат жана чечилет. Эгер өтүүчүлүктүн үчтүктөр формасындагы жалпы таанып-билүүчүлүк схемасын колдонсок, төмөндөгүнү алабыз:

парадигманын фундаменталдык идеялары – $П_1$ – тезис; ага каршы болгон аномалиялар – экинчи теория $П_2$ – антитезис. Бул жерде экөө карама-каршы, бирок бул карама-каршылык чечилбейт. Таанып-билүү процесси $П_1$дин көз караштары менен концепцияларынан $П_2$нин көз караштары менен концепцияларына карай жүрөт. Андан ары $П_3$кө карай кыймылда болуп, бир эле мезгилде $П_2$ни таанып, $П_1$дин оң жактарын алып калат. Бирок бул $П_3$ $П_2$ни толук танды жана $П_1$ди толук калыбына келтирди дегендик эмес. $П_3$ $П_1$ менен $П_2$нин ортосундагы карама-каршылыкты чечкен алып салуу болуп саналат. Эгерде “чектеш”теориялар же концепциялар чынында мазмундуу болсо, анда алар кийинкилерине карай салыштырмалуу эле адашуу болот. Илимий таанып-билүүнүн өтүүчүлүк аркылуу өнүгүүсү адашууларды эллиминациялайт, аларды бир топ жалпы теориялар менен концепцияларда жоёт, аны менен кошо эле илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүнүн мурунку баскычтарындагы оң натыйжаларды сактап калат. Эгерде $П_3$ катары жаңы парадигма эсептелсе, анда ал мурунку парадигма $П_1$ менен андагы аномалия $П_2$нин ортосундагы карама-каршылыкты жоёт. $П_3$ мында $П_2$ аномалиянын идеяларын мазмундуу жана прогрессивдүү катары сактап, кармап калат. Муну менен жаңы теориялык элестөөлөрдүн ири жалпылыгы бир кыйла так, конкреттүү болуп саналат, анткени жаңы теориялык элестөөлөрдүн негизинде изилдөө объектисинин маңызы жөнүндө бир топ өнүккөн концепция жатат. Ошол илимий элестөөлөрдүн генезисин, илимий таанып-билүүнүн методдору менен формаларын чагылдырган теориялык каражаттар да бир топ өнүккөн болот. Диссертацияда мындай жыйынтык чыгарылат: тарыхый парадигмалардын алмашуусу менен мурунку парадигманын идеялары жаңы аркылуу бүтүндөй эле танылбайт, четке кагылбайт. Алсак, циклдүүлүк, айлампалуулук идеялары сызыктуу-ырааттуулук парадигмасында жаңы, бирок чектелген мазмунда аракеттенет.

Тарыхый парадигма илимдеги өтүүчүлүктүн көп деңгээлдүү мүнөзүн көрсөтөтөт: билимдердин, социалдык структуранын, илимдин башка тармактары менен байланыштын, коомдун социалдык керектөөлөрүн канааттандыруу деңгээлдеринде. Демек, тарыхый парадигма тарых илиминин парадигмасынын чектеринде гана онтологиялык маңызга ээ болбостон, жалпы илимдердин, коомдук жашоонун чектеринде аракеттенет.

Жогорудагы парадигмаларды анализдөө тарых илиминдеги билимдердин өтүүчүлүгү жаңы тарыхый билимдердин пайда болушундагы методологиялык принцип экендигин айгинеледи. Бул парадигмалар аркылуу көрүнгөн өтүүчүлүк методологиялык принцип катары тарых илиминдеги изилдөөнүн эки методунун – түшүнүү менен интерпретациялоонун процедураларынын маңызын аныктайт. Тарыхый фактыны жана тарыхый тексттерди интерпретациялоо социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү башкы метод. Тарыхый билимдердеги теория, идеялардын байланышы интерпретацияда чагылат жана мында интерпретация өтүүчүлүк принцибинин методологиялык функциясы катары көрүнөт.

**Корутундуда төмөндөгү жыйынтыктар чыгарылды:**

1. Өтүүчүлүк түшүнүгүнүн калыптануу тарыхына кайрылуу анын илимий таанып-билүүдөгү мазмунун, аны социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү методологиялык принцип катары ордун объективдүү аныктоого мүмкүндүк берет. Өтүүчүлүктү диалектикалык түшүнүүдө аны тануунун тануу процессинин маңыздуу учуру катары карап, ага төмөндөгүдөй аныктама берүүгө болот: өтүүчүлүк жалпылык мүнөзгө ээ жана өнүгүү порцессинин ар кандай баскычтарынын ортосундагы байланыштардын мыйзам ченемдүүлүгүн билдирип, бир баскычтын белгилүү бир мазмуну башкада жаңы сапаттык деңгээлде сакталышын жана өнүгүшүн түшүндүргөн философиялык категория. Өтүүчүлүктү ушундай түшүнүү аны диалектиканын башка категориялары сыяктуу эле бытиенин бүткүл чөйрөлөрүнө карай колдонууга жана таанып-билүү чөйрөсүндө анын принциби катары таанууга жол ачат.

2. Өтүүчүлүктүн социалдык тиби – тарыхый өтүүчүлүк. Тарыхты көп кырдуу, жекелик менен жалпылыктын байланышында кароо тарыхый өтүүчүлүктү түшүнүүнүн сызыктуу эмес концепциясын берет жана сызыктуу концепциясынын чектелүү жактарын көрүү мүмкүндүгүн түзөт. Анын мазмунун социалдык тажрыйбанын өтүүчүлүгү түзөт. Коомдук турмуштун өзгөрүшүнө жараша мурунку социалдык тажрыйбага болгон талап да өзгөрөт, иргелет, кээ бир жагы четке кагылат же өнүктүрүлөт. Тарыхый өтүүчүлүктүн мындай аң-сезимдүү иргелүүсүн анын тандалуучулук мүнөзү катары белгилөөгө болот. Бул социалдык тажрыйбаны мурастоо социалдык-тарыхый мүнөзгө ээ экендигин көрсөтөт.

Тарыхый өтүүчүлүк танууну тануунун учуру катары коомдун өнүгүшүнүн жалпы жана фундаметалдык мыйзамы болуп, анын белгилүү бир мурунку конкреттүү-тарыхый формаларынан жана типтеринен жаңыларына өтүүсүнүн логикалык-методологиялык принциби катары кызмат өтөйт.

3. Өтүүчүлүк илимдин, анын ичинде социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн дагы методологиялык принциби болуп эсептелет. Анын тарыхый билимдердин түзүлүшүндөгү аракети эки өңүттө жүрөт: а) социалдык-тарыхый изилдөөлөрдөгү тарыхты реконструкциялоодо тарыхый өтүүчүлүктүн формалары аркылуу. Алар өткөн муундун материалдык жана рухий баалуулуктары, ар кандай буюмдук булактар, тилдик-белгилик каражаттар, тарыхый текст ж.б.; б) социалдык-тарыхый изилдөөлөрдүн өнүгүү динамикасында эски билим менен жаңы билимди байланыштыруучу өтүүчүлүк принцибинин функционалдык өзгөчөлүктөрү аркылуу. Бул өңүт гносеологиялык-методологиялык маңызга ээ болуу менен, тарых илиминин өнүгүү логикасынын сүрөттөлүшүн берет. Интерпретация тарых илиминдеги негизги метод катары билимдердин өтүүчүлүгүн өзүндө камтып турат. Өтүүчүлүктүн механизмдеринин социалдык-тарыхый таанып-билүүдө билимдерди жана баалуулуктарды өткөрүп берүүчү, интеграциялоочу, интерпретациялоочу, реконструкциялоочу,

баарлашуучулук, жаңы билимдерди жаратуучу, позитивдик же негативдик ж.б. функцияларды аткарышы анын илимдердин бул тармагындагы таанып-билүүдөгү норма, детерминант, жөнгө салуучусу, негиз экендигин, башкача айтканда, методологиялык принцип экендигин аныктайт.

4. Традиция мурунку муундар тарабынан топтолгон баалуулуктар, билимдер, эмгек жөндөмдөрү, карым-катнаш мамилелери, каада-салт, үрп-адат сыяктуу социомаданий мурастын объектилерин камтып, сактап жана өткөрүп берет. Традициянын ушул мүнөзү өтүүчүлүк принцибинин негизги мазмунун туюндуруп, учурду жана келечекти байланыштыруу аркылуу жаңыны жаратуучу маңызын түзөт, аны өтүүчүлүктүн туруктуу формасы катары аныктап, өзүндө өтүүчүлүккө тиешелүү болгон белгилерди камтып турат. Традициянын өзөгүн түзгөн традициялык билимдер социалдык акыйкатты таанып-билүү жана ал билимди кайрадан практикада колдонуу үчүн негиз, жаңы билимди жаратуучу бөлгө – социалдык детерминант боло алат. Традициялык билимдерди таанып-билүүгө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка ж.б.) экстраполяциялоо жаштарды тарбиялоонун жана улуттук жүздү сактап калуунун жолдорунун бири болуп саналат. Илим тажрыйбада текшерилген традициялуу билимдер менен байланышта, аларды рационалдаштыруу аркылуу коомдун андан ары ырааттуу өнүгүүсүнө жол көрсөтө алат.

5. Парадигма илимдеги традициялардын көрүнүшү, анда өтүүчүлүк принцибинин мыйзамдары аракеттенишет. Тарыхый парадигма – өзүнө изилдөө идеяларын, теорияларын, методдорун, изилдөөчүнүн позициясын камтыган тарыхый тексттерди интерпретациялоонун үлгүсү. Парадигма аркылуу субъектинин билими калыптанат жана өнүгөт. Тарыхый парадигма өзүн билимдердин өтүүчүлүгүн камсыз кылуучу, жаңы билимдерди жаратуучу гносеологиялык механизм катары көрсөтөт. Мындай жыйынтыкты социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү жаңы билимдин жаралуу проблемасын циклдүүлүк жана сызыктуу-ырааттуулук тарыхый парадигмаларынын өнүгүшүндө, алардын алмашуусунда анализдөөдө чыгардык. Бир парадигманын чектеринде тарых илиминде өтүүчүлүк принцибинин туурасынан жүргөн формасы – таанып-билүүдө парадигманын негизги идея, теорияларынын колдонулушу улам такталып, кеңейип барышы ишке ашат. Парадигмалардын алмашуусу менен эски тарыхый билимдер четке кагылып калбастан, сандык топтолуудан аларды жаңы сапаттык интерпретациялоого өтүү мүмкүндүгү ачылат. Мында өтүүчүлүк принцибинин аракети тикесинен жүрүп, тарыхый таанып-билүүдө фундаменталдуу жаңы, объект жөнүндө мурункудан тереңирээк билим пайда болорун аныктады. Жаңы парадигма өткөн тарыхты кайра курат, андагы мурда көрүнбөгөн жаңы кырларды, фактыларды ачат жана анда өтүүчүлүк сөзсүз методологиялык принцип катары кызмат өтөйт. Тарыхты көп варианттуу интерпретациялоонун пайда болушу учурдагы коомдук турмуштун татаалдыгынан кабар берет.

**Диссертациялык иштин негизги жоболору автордун төмөнкү жарыяланган эмгектеринде чагылдырылды:**


1. Кочкорова, Д.А. Роль исторической преемственности в развитии духовной культуры [Текст] / Д А.Кочкорова, Ж.С. Арзыматов // Сб. Науч. тр. Вып. 7. – Ош,1999. – С.134-140.

2. Кочкорова, Д.А. Тарыхый өтүүчүлүк коомдун өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүгү катары [Текст] / Д.А.Кочкорова // Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы: Илимий конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 1999. – 131-135-б.

3. Кочкорова, Д.А. Илимий билимдин өнүгүшүндөгү гносеологиялык өзгөчөлүктөр жана өтүүчүлүктүн формалары [Текст] / Д.А.Кочкорова, Ж.С. Арзыматов // Научные труды ОшГУ. – Ош, 2001. – Вып. 2. – 164-172-б.

4. Кочкорова, Д.А. Аль-Берунинин дүйнө таанымындагы өтүүчүлүк [Текст] / Д.А.Кочкорова, Ж.С. Арзыматов // Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары. Илимий-теориялык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2001. – 37-42-б.

5. Кочкорова, Д.А.Рухий мурас тарыхый өтүүчүлүктүн өзгөчө формасы [Текст] / Д.А.Кочкорова, Э. Шарипова // Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары. Илимий-теориялык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2001. – 133-138-б.

6. Кочкорова, Д.А. Личносттун калыптанышындагы рухий мурастын ролу [Текст] / Д.А.Кочкорова, Ж.С. Арзыматов //Личность и воспитание: роль образовательных технологий в современной школе. Материалы научно-практической конф. – Ош, 2001. – Ч II. – 161-166-б.

7. Кочкорова, Д.А. Сократтын этикасы жана анын бүгүнкү күнгө үндөштүгү [Текст] / Д.А.Кочкорова, С. Ашырбай кызы // Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары. Регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2002. – 71-75-б.

8. Кочкорова, Д.А. Рухий маданияттын өнүгүшүндөгө тарыхый өтүүчүлүк [Текст] / Арзыматов Ж.С., Д.А.Кочкорова //Вестник ОшГУ. Материалы международной науч. конф: Ислам в Центральной Азии. – Ош, 2004. – 263-269-б.

9. Кочкорова, Д.А.Социалдык өтүүчүлүк коомдун өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгү катары [Текст] / Д.А.Кочкорова, Ж.С. Арзыматов. //Вестник ОшГУ. Материалы научно-теоретической конференции: Новые векторы развития современного Кыргызстана. – Ош, 2004. – 105-108-б.

10. Кочкорова, Д.А.Чыгыш цивилизациясы жана илимдин өнүгүшүндөгү тарыхый өтүүчүлүк [Текст] / Д.А. Кочкорова, С. Ашырбай кызы. //Вестник ОшГУ. Материалы IV международной научной конференции: Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций. – Ош, 2004. – 51-53-б.

11. Кочкорова, Д.А. Адамдын социалдашуусундагы тарыхый өтүүчүлүктүн орду [Текст] / Д.А. Кочкорова //Вестник ОшГУ. Материалы

VI международной научной конференции: Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций. – Ош, 2008. – 23-25-б.

12. Кочкорова, Д.А.Илимий традиция жаңы билимди жаратуучу система катары [Текст] / Д.А.Кочкорова, Г.А. Аматова //Вестник ОшГУ. – Ош, 2008. – №6. – 189-191-б.

13. Кочкорова, Д.А.Социалдык-тарыхый таанып билүүдөгү тарыхый өтүүчүлүктүн формалары жөнүндө [Текст] / Д.А.Кочкорова //Вестник ОшГУ. – Ош, 2012. – №1. – 184-188-б.

14. Кочкорова, Д.А. Азыркы глобализация шарттарында тарыхый өтүүчүлүктүн орду жөнүндө [Текст] / Д.А.Кочкорова //Вестник КГУ им. И.Арабаева, Бишкек, 2012. – №14. – 120-123-б.

15. Кочкорова, Д.А. Научная деятельность Беруни как момент преемственной связи в развитии науки [Текст] / Д.А.Кочкорова // Вестник ОшГУ. – Ош, 2016. – №2. – С. 287-292.

16. Кочкорова, Д.А. Социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн традицияларында жаңы билимдин пайда болуу проблемасы [Текст] / Д.А. Кочкорова // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН Кыргызской Республики. – Бишкек, 2016. - №3. – 83-87-б.

17. Кочкорова, Д.А. Өтүүчүлүк принциби жана анын тарыхый парадигмаларда көрүнүшү [Текст] / Д.А. Кочкорова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – № 2. 169-171-б.

18. Кочкорова, Д.А. Өтүүчүлүк принцибинин социалдык-тарыхый таанып-билүүдө ишке ашуу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Д.А. Кочкорова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – № 2. – 119-121-б.

19. Кочкорова, Д.А. Традиции в социально-историческом познании и новое знание [Текст] / Ж.С. Арзыматов, Д.А. Кочкорова // Журнал научных публикаций аспирантов и докторантов. – Курск, 2017. - № 3. – С. 47-49.

20. Кочкорова, Д.А. Традиция как социокультурный детерминант научного познания [Текст] / Д.А. Кочкорова // Проблемы современной науки и образования. Международный научно-методический журнал. – Москва, 2017. – № 13 (95). – С. 80-84.

21. Кочкорова, Д.А. О роли традиции в социальном познании [Текст] / Д.А. Кочкорова // Инновационная наука. Международный научный журнал. – Уфа, 2017. - №4. – С. 83-86.

22. Кочкорова, Д.А. Тарыхтын биримдигинин контекстиндеги тарыхый өтүүчүлүк [Текст] / Д.А. Кочкорова // Инновационные подходы в современной науке: сб. статей по материалам VIII Международной научной конф. - Москва, 2017. - №8(8). – 137-141-б.

Кочкорова Динара Ашырбаевнанын 09.00.01 – онтология жана таанып-билүү теориясы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Өтүүчүүлүк принцибинин социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү методологиялык ролу” аттуу диссертациясына

**Р Е З Ю М Е**

**Түйүндүү сөздөр:** *өтүүчүлүк, өнүгүү, тануу, байланыш, традиция, тарыхый парадигма, интерпретация, тарыхый текст, рационалдуулук, көмүскө билим, жаңы билим.*

**Изилдөөнүн объектиси:** илимий таанып-билүүнүн өнүгүшүндөгү өтүүчүлүк проблемасы.

**Изилдөөнүн предмети:** социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин методологиялык ролу.

**Изилдөөнүн максаты:** Социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин ролун, ишке ашуу өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү.

**Изилдөөнүн теориялык-усулдук негизи:** Диалектикалык өнүгүү теориясына, таанып-билүүдөгү өтүүчүлүк принцибинин маңызына, мазмунуна, методологиялык ролуна арналган дүйнөлүк, ата мекендик окумуштуулардын эмгектери, идеялары жана жоболору.

**Алынган натыйжалар:**

- өтүүчүлүк түшүнүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө тарыхый-философиялык анализ жүргүзүлдү;
- тарыхый өтүүчүлүк социомаданий кубулуш катары маңызы жана мазмуну өтүүчүлүктүн сызыктуу эмес концепциясында аныкталды;
- тарых илиминин өнүгүшүндөгү өтүүчүлүк принцибинин ролу жана анын ишке ашуу өзгөчөлүктөрү каралды;
- социомаданий традициялардын социалдык-тарыхый таанып-билүүдөгү мүмкүнчүлүктөрүн, социалдык детерминант жана көмүскө билимдердин булагы катары маанилүү жана аныктагыч ордун аныктоого аракет жасалды;
- тарыхый парадигмалард ын өнүгүшүндө, алардын алмашуусунда өтүүчүлүктүн методологиялык принцип катары ролу аныкталды.

**Колдонуу даражасы, колдонуу боюнча сунуштар:** Изилдөөнүн жоболору жана корутундулары социалдык-тарыхый таанып-билүүнүн өнүгүү логикасын жана андагы өтүүчүлүк принцибинин ордун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн натыйжаларын философия предметинин жалпы курсун, таанып-билүү философиясын, илимдер философиясын, илимий таанып-билүүнүн методологиясын, социалдык философияны, тарыхтын философиясын ж.б. атайын курстарды окутууда колдонууга болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** Изилдөөнүн жыйынтыктары бул проблеманы андан ары тереңирээк изилдөөдө жана социалдык-тарыхый илимдердин келечегин ачууда колдонулушу ыктымал.

# Р Е З Ю М Е

диссертации Кочкоровой Динары Ашырбаевны на тему: “Методологическая роль принципа преемственности в социально-историческом познании”, представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.01 – онтология и теория познания

**Ключевые слова:** *преемственность, развитие, отрицание, связь, традиция, историческая парадигма,интерпретация, исторический текст,рациональнсть, неявное знание, новое знание.*

**Объект исследования:** Проблема преемственности в развитии научного познания.

**Предмет исследования:** Методологическая роль принципа преемственности в социально-историческом познании.

**Цель исследования:** Показать роль, особенности реализации принципа преемственности в социально-историческом познании.

**Теоретико-методологические основы диссертации:** Труды, идеи и основные положения мировых, отечественных ученых, посвященные понятию отрицания, сущности, содержанию и методологической роли принципа преемственности**.**

**Полученные результаты и их новизна заключается** в следующем:

- проведен историко-философский анализ становления и развития понятия преемственности;

- определены сущность и содержание исторической преемственности как социокультурное явление на позиции нелинейной концепции преемственности;

- показаны роль и особенности реализации принципа преемственности в развитии исторической науки;

- предпринята попытка определить возможности, значимой роли как социальный детерминант и источник неявных знаний социокультурных традиций в социально-историческом познании;

- определена методологическая роль принципа преемственности в развитии и при смене исторических парадигм.

**Степень использования и рекомендации к использованию:** Положения и выводы исследования позволяют глубже понять логику развития социально-исторического познания и роль принципа преемственности в нем.

Результаты диссертационной работы можно использовать при преподавании общего и специальных курсов философии, философии познания, философии науки, методологии научного познания, социальной философии, философии истории и т.д.

**Область применения:** Итоги исследования могуть быть применены в дальнейших исследованиях данной проблематики и при раскрытии перспективы социально-исторического познания.

**R E S U M E**

Dissertations of **Kochkorova Dinara Ashyrbaevna** on the subject: “Methodological role of the principle of continuity in socio-historical knowledge”, presented on the competition of graduate degree a candidate of philosophical sciences on the specialty 09.00.01 – ontology and cognitive theory.

**Key words:** continuity, development, negation, connection, tradition, historical paradigm, interpretation, historical text, rationality, implicit knowledge, new knowledge.

**Object for Research:** The problem of continuity in the development of scientific knowledge.

**Goal of Work:** To show the role, features of the realization of the principle of continuity in socio-historical knowledge.

**Theoretical and methodologicalfoundations of the thesis:** Proceedings, ideas, and main points of the world, domestic scientists, dedicated to the concept of denial, essence, content and methodological role of the principle of continuity.

**Obtained Results and their Novelty are as follows:**

**-** historical and philosophical analysis of the formation and development of the concept of continuityis examined;

**-** the essence and content of historical continuity is defined as a socio-cultural phenomenon, in the position of non-linear conception of continuity;

**-** the role and peculiarities of the realization of the principle of continuity in the development of historical science are examined;

**-** an attempt is made to determine the possibilities of an important role as a social determinant and source of implicit knowledge of socio-cultural traditions in socio- historical knowledge;

**-** the methodological role of the principles of continuity in development and the change of historical paradigms is defined.

**Level of Use and Recommendations on Use:**

The provisions and conclusions of the study allow us to correctly understand the essence, the content of the principle of continuity and its role in the development of socio-historical knowledge.

The results of the thesis can be used in further studies of this problem on general and special courses of philosophy, philosophy of knowledge, philosophy of science, methodology of scientific knowledge, philosophy of history, etc.

**Scope of Use:** Research results can be applied in further studies of this problem and in the disclosure of the prospects for socio-historical knowledge.

Форматы: 60x84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75  б.т.             Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО
MAXPRINT
БАСМАСЫ

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru